***Э.К. Абдыкадыров,***
***БГУ***

# КЫРГЫЗ ЖАНА АЛТАЙ ТИЛИНДЕГИ ЭТИШ ЖАСООНУН АЙРЫМ ӨҢҮТТӨРҮ

Этиш тилибиздеги сөз байлыгынын олуттуу бөлүгүн түзгөн катмар экендиги жана кыймыл-аракеттик, процесстик жана ал-абалдык маанилерди туюнткан өзгөчө түркүм катары сүйлөмдүн актанттык борборун уюштурары жакшы маалым. Мына ушундан улам этиш тилде эң активдүү колдонулган сөз түркүмү экени талашсыз. Ошол эле маалда бул түркүмдүн басымдуу бөлүгүн туунду жана татаал этиштер түзсө, андан алда канча аз үлүшүн тубаса этиштер түзөрү да бышык. Демек, этиш жасоо жөнүндө сөз болгондо иралды куранды мүчө менен жасалган туунду этиштерди түшүнгөнүбүз оң.

Сөз жасоодо куранды мүчөлөр сүйлөм ичинде сөздөрдүн ортосундагы байланышты эмес, сөздүн өзүн жаратат [Севортян 1962: 13]. Куранды мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган туунду этиштердин айрымдары уңгудагы маанисин сактап калган болсо, айрымдары өз маанисин толугу менен жоготуп жибериши мүмкүн. Мындай уңгуларды С.Кудайбергенов өзүнүн “Кыргыз тилинде этиштердин жасалышы” деген эмгегинде өлүү уңгулар деп атайт. Бул өлүү уңгулар күнүбүздө өз алдынча колдонулбайт. Башкача айтканда, өз алдынча эч кандай мааниге ээ эмес. Өлүү уңгуларга куранды мүчө жалганганда гана кандайдырбир мааниге ээ болот[Кудайбергенов 1967: 10]. Буларга мисал катары кыргыз тилиндеги *тыңша-* же *тыңда-* деген этишти карап көрсөк болот. Азыркы кыргыз тилинде *тың-* деген этиш угуу маанисинде колдонулбайт, бирок *тыңша-* деген сөз колдонулат.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *тыңша-* этиши мындайча берилет: ***ТЫҢША*** *этиш.* Кунт коюп угуу, жакшылап угууга аракеттенип кулак салуу. *Жолдоштор аңгеме айтса, жан дили менен тыңшайт (Жантөшев). Ал сөзүн тыңшап турган Карабекти көргөн жок (Жантөшев). Экөө тең элеңдеше эки жактан табыш тыңшашты (Жантөшев).*

Ал эми *тыңда-* деген этиштин эки мааниси бар. Айта кетсек, 1-маанидеги *тыңда-* этиши жогоруда айтып өткөн *тыңша-* этиши менен маанилеш. 2-маанидеги *тыңда-*этиши болсо “тың абалга келтирүү” деген маанини билдирет. 1-маанидеги *тың-* этиши күнүбүздө колдонулбайт. Махмут Кашкаринин «Диван-у лугатит түрк» аттуу эмгегинде болсо *тыңла-* этиши кыргыз тилиндеги “тыңда,“тыңша” деген маанилерде колдонулган. Каракалпак тилинде *тың-*“1.ук-; 2.кабар, дарек” маанисинде колдонулуп жүрөт. Алтай тилиндеги *тыңда-* (тың-да-**)**, түрк тилиндеги *dinle-* (дин-ле-), азербайжан тилиндеги *динле-* (дин-ле) этиштеринин бардыгынын уңгусу бир болушу керек.

Бул этиштер кыргыз тилиндеги “*тыңда-,тыңша-*” деген мааниде. Ал эми экинчи маанидеги *тыңда-*“тың абалга келтирүү” алтай тилиндеги *тыңда-*этиши менен маанилеш. Бул этиш эки тилде тең фонетика, форма жана семантика жактан окшош. Эми бул этиштин эки тилдин тиешелүү сөздүктөрүндө берилген маанилерине көңүл буралы:

Алтайча-орусча сөздүктө: *тыңда***-** 1. укреплять; 2. приводить в порядок [ОРС: 164].

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: *тыңда* этиш. Тың, түзүк абалга келтирүү, түзүктөө. *Кийим кечесин тыңдап алуу. Тыңдап оокат кылуу* [КТТС: 637].

Бул этиш атоочтон этиш жасоочу *–ла* курандысы менен (*тың+ла-*) жасалган туунду этиш. Демек, бул этиштин уңгусу *тың* деген сөз. Сөздүктөргө кайрылып көрсөк «Ойротско-русский словарь» деген эмгекте *тың* “крепкий, сильный, мощный, упругий; очень крепко, сильно”; *тың соок*“очень холодно, крепкий мороз” деп берет. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө болсо: *тың*сын. Жүргөн-турганы, кыймыл-аракети шамдагай, тыкан, чыйрак. *Тың чал. Басканы тың. Минген аты тың. Оокаты тың. Кийим-башы тың”* деген мааниде берген.

Алтай тилиндеги *тың*~кырг. *дем* (дыхания), өзбек тилиндеги *тин*~кырг. *эс алуу*, куман тилиндеги *тын*~-кырг. *тыныгуу, эс алуу*, татар тилиндеги *тын*~кырг. *тынч* деген сөздөргө шайкеш колдонулат. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө болсо *тын-* этишин мындай деп берет: *тын*II*этиш.* дем алып, дем чыга-

руу. *Ийнинен тынып улутунуу;* Тынчуу, тынч алуу, жайлануу, эс алуу.*Салыктын көңүлү эми гана тынды* (Каимов).*Урушар бекен деп турган Батыйнанын санаасы тына түштү* (Убукеев)[КТТС: 636].

Ошентип, бул сыяктуу кыргыз жана алтай тилиндеги этиштердин дээрлик көпчүлүгүнүн тилде аткарган кызматы, лексикалык мааниси жана айтылышы бирдей экенине күбө болобуз.

Башка түрк тилдеринен айырмаланып, кыргыз жана алтай тилине гана мүнөздүү болгон тилдик өзгөчөлүктөр дээрлик абдан көпдесек да болот. Булардын айрымдарына токтоло кетели.

Лексикалык жактан башка тектеш тилдерде кездешпеген, ошол эле маалда кыргыз жана алтай тилдеринде гана өз колдонушун тапкан айрым активдүү сөздөр жолугат. Алсак, *чогул*-“собираться”, *кокуй* “междометие, обозначающее испуг”, произв. от него *кокуйла* - “кричать, выражая испуг”[КТО: 13].

Эки тилдин ортосундагы эң негизги окшоштуктардын дагы бири бул терс форманы туюндурган *–ба/-па* мүчөсү болуп эсептелет. Кыргыз жана алтай тилинде бул мүчө эрин үндүү менен айтылса, башка тектеш тилдерде мурунчул /м/ тыбышы менен айкашып, жалаң гана ачык үндүү менен *–ма/-ме* болуп айтылат. Сал. кыргыз жана алтай тилинде: *кел-бе-, ал-ба-, тур-ба- ж.б.;* башка түрк тилиндеринде *гел-ме-, ал-ма-, дур-ма- ж.б.*

Түрк тилдеринин бардыгында, анын ичинде кыргыз тилиндеги жана алтай тилинде да, кыймыл-аракетти билдирген этиш сөздөр морфологиялык жана синтаксистик эки жол менен жасалаары баарыбызга маалым.

Этиштер кыргыз тилинде да, алтай тилинде да морфологиялык тутумуна карай тубаса этиштер жана туунду этиштер болуп эки чоң топко бөлүнөт.

Тубаса этиштер форма жана маани жактан кыймыл-аракетти, ал-абалды билдирет да, морфологиялык жактан уңгумүчөгө ажырабаган этиштерди ичине камтыйт. Бул топко көбүнчө этиш сөздүн уюткусун түзгөн бир муундуу же уңгу мүчөгө ажырабай турган эки муундуу этиштер кирет [Абдувалиев, Садыков 1997: 161].

Кыргыз жана алтай тили агглютинативдик тилдердин катарынан орун алат. Ал эми агглютинативдик тилдердин эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнөн бири - бул уңгу сөздөрдүн өзгөрбөстүгү жана туруктуулугу. Жаңы мүчөлөр аркылуу туунду этиштер жасалат, бирок жаңы уңгулар жасалышы мүмкүн эмес. Уңгулар берген мааниси боюнча экиге бөлүнөт. Бир бөлүгү жашообуздагы жандуу-жансыз нерселердин атын атаса, бир бөлүгү ошолордун кыймыл аракетинин атын билдирет. Жандуу-жансыз нерселердин атын атаган уңгуларды *атооч уңгулар,* ал эми кыймыл-аракетинин атын билдирген уңгуларды *этиш уңгу* дейбиз. Демек атооч уңгулар нерселердин атын атаса, этиш уңгулар кыймыл-аракеттин аты болуа саналат. Дегеле дүйнөдө зат жана кыймыл-аракет болуп эки кубулуш бар. Бул экөөнүн биринчиси жандуу-жансыз баардык заттар, окуялар, убакыттын өтүүсү менен пайда болгон нерселер. Экинчиси болсо ушул нерселердин аткарган же кылган кыймыл-аракети. Ал эми бул экөөнүн дагы бир айырмачылыгы бул колдонууда болгон айырмачылыгы. Тактап айканда, атооч уңгулар өз алдынча айтылганда ошол затты аң-сезимибизде элестете алабыз. Бирок этиш уңгу туюнткан кыймыл-аракет кошумча атоочтор менен жалгашпаса, аң сезимибизде так чагылдырылбайт, болгону күңүрт элестетебиз [Ergin1994: 83].

Уңгу өз алдынча маани берген бир нече сөзгө орток болуп айтыла бериши мүмкүн. Мына ушундан улам этиштерди изилдөөдө ал сөздөрдүн уңгусунун табылышы алгачкы шарт болуп эсептелет. Анткени уңгуөз алдынча лексикалык мааниге ээ жана башка сөздөрдүн жасалышына негиз болот.

*Уңгу* – сөздүн эң негизги морфемасы, лексикалык маани берип, андан ары ажырабайтурган бөлүгү. Ал лексикалык маани менен кошо грамматикалык маанини да туюндурат. Уңгу туюндурган грамматикалык маанилер көбүнчө жалпы категориялык маани болуп, сөздүн лексикалык маанисине жакын келет. Ошондуктан уңгуну семантикалык морфема деп да аташат [Абдувалиев 2008: 22].

Кыргыз тилиндеги уңгу өз алдынча сөз болуп да кызмат кыла алат. Мисалы: *адеп, адеп-түү, адеп-сиз; эмгек, эмгек-чил, эмгек-те, эмгек-тер-ге* ж.б. Кыргыз тилиндеги уңгулар маанисине карай эркин уңгу жана байланышма уңгу деп экиге бөлүнөт.

*Эркин уңгу* – кошумча морфеманын жардамысыз эле, өз алдынча сөз катары колдонула берет. Мындай уңгулар куранды же уландылар уланган түрдө да, уланбаган түрдө да кезиге берет: *алтын, акыл-дуу-лар, кагаз-га, мурас-кор, кант, күлкү-лүү* ж.б.

Байланышма уңгу – кепте кошумча морфеманын жалганып турушу аркылуу гана колдонулуучу уңгу: *мык-чы, эбегей-сиз* ж.б. Байланышма уңгулар кыргыз тилинде абдан аз жолугат. Бул уңгулардын негизги өзгөчөлүгү жалганган курандыга көз каранды экенинде турат.

Кыргыз тилинде жана алтай тилинде тубаса эки муундуу этиштер сан жагынан арбын. Бирок качанкы бир мезгилде булардын айрымдары туунду этиштердин катарында турган, башкача айтканда, ал этиштердин уңгусу жана мүчөсү алгачкы мезгилде жанаша жашаган. Убакыттын өтүүсү менен алардын туунду формасы үстөмдүк кылып, уңгу сөз өз алдынча колдонулбай калган. Буга мисал катары кыргыз тилиндеги *жетеле-< жете+ле-, көсө-<көс+ө-, жаңса-< жаң+са-, кепше-< кеп+ше-, сыла-< сы+ла*-өңдүү тубаса этиштерди көрсөтсөк болот. Бул этиштердин уңгусу *жете-, көс, жеп, кеп, сы* качандыр бир мезгилде жашаган. Муну билүү үчүн тектеш түрк тилдерине кайрылуу абзел.

Түрк тилдеринде алгачкы уңгулар, Баскаковдун пикиринче, CVC тибине такалат да, кийинки уңгулар убакыттын өтүүсү менен ошол алгачкы уңгудан келип чыгат [***Баскаков 1962:6*****].** Түрк тилдериндеги уңгулар жалпысынан бир муундуу болот [Imer 1976:32]. Бирок муну менен эле катар сан жагынан аз да болсо эки же үч муунду уңгу этиштер да бар. Түрк тилдериндеги бир муундуу сөздөр муундун төмөнкүдөй алты тибине негизделет:

1. Үндүү (V): о; -дой;
2. Үнсүз (C): ч; -уч;
3. Үндүү+үнсүз (V+C): *ал-, ат-, ут-, өт-, ач-, ал-, ас-, эк-* ж.б.
4. Үнсүз+үндүү (C+V): де-, же-, ж.б.
5. Үнсүз+үндүү+үнсүз (C+V+C): *бас-*, кет-, чык-, кир-, тур-, жат- ж.б.
6. Үндүү+үнсүз+үнсүз (V+C+C): арт-, ж.б.
7. Үнсүз+үндүү+үнсүз+үнсүз *(C+V+C+C): тарт-, керт-, корк-, кырк-; серп-, черт-,жырт-,* ж.б.

Ал эми кыргыз окумуштууларынын ичинен академик Б.М. Юнусалиев кыргыз тилиндеги бир муундуу уңгу сөздөрдү төмөндөгүдөй беш топко бөлүп көрсөткөн:

1. Үнсүз+үндүү (C+V): *же*
2. Үндүү+үнсүз (V+C): *ат*
3. Үнсүз+үндүү+үнсүз (C+V+C): *сын,* жак
4. Үндүү+үнсүз+үнсүз (V+C+C): *айт,* арт
5. Үнсүз+үндүү+үнсүз+үнсүз *(C+V+C+C):корк, көрк* [*Юнусалиев 1959: 50*].

*Көрүнүп тургандай,* академик Б.М.Юнусалиев кыргыз жана алтай тилине таандык созулма үндүүлөрдү өзүнчө бөлүп көргөзгөн. Мисалы, кыргыз тилиндеги *жөө, көө, төө, соо, жаа* жана ушундай эле алтай тилиндеги *мее (кырг. мээ), суу (кырг. суу), сүү (кырг.сүйүү), күү (кырг. күү)* сыяктуу сөздөрдү CV тибине киргизген. Себеби созулманы сыпаттама грамматикада ажырагыс бир фонема катары кабыл алышат. Бирок Юнусалиев бул типтеги уңгу сөздөр C+V+C жана C+V+C+V тибиндеги уңгулардан келип чыгаарын далилдеген [Юнусалиев 1959: 50-55]. Ошол эле маалда созулма үндүүлүү уңгулар үчүн CVV тиби кээде өз алдынча тип катары да каралат [Тюркологические исследования 1983: 110]. Алтай тили менен кыргыз тилинде кеңири кездешкен мындай сөздөрдү өзүнчө тип катары карообуз абзел. Алтай тилинде *жу-* жана *жуу* деген сөз бар. Маанилери: *жу* "сало; собирать, копить", *жуу* "война". Ошондой эле кыргыз тилиндеги *бу* жана *буу* сөздөрү. Ачык-айкын көрүнүп тургандай эле бул эки сөздү CV тибине киргизүүгө болбойт. Албетте *бу* жана *жу* сыяктуу бир муундуу этиштерди CV тибине, ал эми *буу* жана *жуу* сыяктуу этиштерди CVV тибине киргизүү максатка ылайык деп ойлойм.

Айтылышы жана лексикалык мааниси жагынан бирдей бир муунду этиш сөздөр эки тилдин ортосунда абдан арбын кездешет. Төмөндө буга мисал катары бир канча этиш сөздөр салыштырмалуу түрдө көрсөтүлөт: кырг. *кес-, буз-, кел-, сай-, сүр-, тур-, өр-, чеч-, бар-, чык-, айт-, ук-, туу-, ат-, куу-, кир-* ж.б.; алт. *кес-, кир-, кел-, сай-, сүр-, тур-, өр-, чеч-, бар-, чык-, айт-, ук-, туу-, ат-, куу-, бус-* ж.б.

Жогоруда көрсөтүлгөн бир муунду уңгу этиштердин кыргыз жана алтай тилинде аткарган кызматы, лексикалык мааниси жана тыбыштык түзүлүшү бирдей. Ал эми төмөндө эки тилде айтылышы бирдей, лексикалык мааниси эки башка бир муунду этиштердин бир канчасына токтоло кетсек: алт. *ас*-I "готовить, варить пищу"; *мун ас-* "варить суп"; *аракы ас-* "гнать водку; закурить"; *танкыасты* "закурил трубку" деген маанилерди берет. Ал эми кыргыз тилинде бул этиш бар болгону менен алтай тилинде берген экинчи маанисин, тактап айтканда, *танкыасты* "закурил трубку" деген маанисин кыргыз тилинде кездештире албайбыз. Кыргыз тилинде *тамак асуу* деп колдонулат. Муну менен эле катар бул этиштин алтай тилинде *ас*-II "заблудиться, сбиться с пути; впасть в заблуждение" деген мааниси бар. Кыргыз тилинде болсо мындай маанини такыр эле туюндурбайт. Мунун ордуна кыргыз тилинде *азуу* деген этиш колдонулат. Кыргыз тилиндеги айрым *з* тыбышынын алтай тилинде *с* болуп айтылуусу кездешет. Мисалы кыргыз тилинде *буз-*~алт. *бус-* "разрушать, нарушать, ломать, сломать; разбирать на части; портить, разлагать, развращать". Демек жогоруда көрсөтүлгөн алтай тилиндеги *ас-* этишинин "заблудиться, сбиться с пути; впасть в заблуждение" деген мааниси кыргыз тилинде дагы колдонулуп келүүдө.

Алтай тилиндеги *бак-*" покориться, принять подданство; *Бөкөн –Кааннын жаңына бактылар фольк.* Они покорились Бокён Хану; обратиться куда-л. или к кому-л." деген бир муунду бул этиш жеке өзү кыргыз тилинде жогорудагы маанисинде колдонулбайт. Ал эми мындай маанини кыргыз тилиндеги *асыроо* деген этиштен көрө алабыз.

Кыргыз тилинде *ишен-* деген этиш алтай тилинде *бүт-* этиши менен берилет. *бүт*-I "верить, доверять" деген маанилерди берет. Ошондой эле алтай тилинде *бүт-* этишинин мындай маанилери дагы бар. *Бүт*-II "создавать, творить; совершать, исполнять; кончать, заканчивать". Бул жерде көрүнүп тургандай эле, алтай тилиндеги *бүт*-II тубаса этишинин дээрлик баардык мааниси кыргыз тилинде бар. Ал эми алтай тилиндеги *бүт-* III "вырастать" деген маанисин кыргыз тилинде кездештире албайбыз. Бирок ушул эле этиштин үчүнчү мааниси болгон "заживать (*о ране*); *ср.* жазыл-" мааниси биздин эне тилибизде дагы бар.

Ал эми төмөндө эки тилде айтылышы эки башка, башкача айтканда фонетикалык өзгөрүүлөргө дуушар болгон, лексикалык мааниси бирдей бир муунду этиштердин бир канчасына токтоло кетсек.

Алтайлыктар кыргыз тилиндеги *же-* этишин *жи-*же *ажан-* деген этиш сөздөр менен берет. Албетте *жи-* этиши биздин тилдеги *же-* этиши. *жи-* "есть, пожирать"; *курсак жийтен ой жеткен* "пришло время принимать пищу"; *жиир-ичер* "еда"; *таякжи-* "получить удар палкой, быть побитым"; *оны көрмөс жиген* "он умер" ср. *ажан.*

Кыргыз тилинде *идиш жуу-, кир жуу-* сыяктуу жерлерде колдонулган *жуу-* этиши бар. Бул маанини туюндурган алтай тилиндеги *жун-* "мыть, купать, стирать" деген этиш колдонулат. Муну менен эле катар алтай тилинде созулма үндүү менен коштолгон *жуун*-этиши дагы бар. Бул дагы ошол эле "*жун-*" деген маанини берет. Ал эми *жуун-* деген этиштин ордуна *жунун-* этиши бар. *жуун – жун.* Алтайлыктардын «Алмыс Каан» дастанынан бир нече мисал көрсөтө кетели:

*Алып жазап жун, - деди,* - Алып жасап жуу, деди.
*Көзин лаптап жунды.-* Көзүн тазалап жууду.
*Ол көбүкке жунунбазан. -* Ал көбүккө жуунбасаң
*Жунунарда сын сериди.-* Жуунганда денеси сергиди.

Ал эми кыргыз тилиндеги *топто-, чогулт-* деген этиштин ордуна алтайлыктар *жу-*же *жуу-* деген этишти колдонот. *жу-* "собирать, копить"; *Боко айтты: эл улузынды жу, балам* деди фольк. Боке сказал: сын мой, собери весь твой народ. Буга мисал катары «Алмыс Каан» дастанынан бир нече мисал бере кетели;

*Жаштары тойго жуулзын* - Жаштары тойго топтолсун
*Албатыны жууп айтты* - Элин топтоп айтты
*Талайга тендей аракы жууды* - Абдан көп арак топтоду.

Албетте мындай этиштер эки тилдин ортосунда кеңири кездешет. Тыбыштык түзүлүшү жагынан бирдей, бирок лексикалык мааниси жагынан айырмачылыктарга ээ болгон этиштерди жогорудагы мисалдардан көрө алдык. Айрым сөздөр тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болгон күндө да бирдей лексикалык мааниге ээ экенин байкадык. Албетте эки бир тууган элдин ортосундагы географиялык алыстык менен кошо ортодо өткөн жүздөгөн жылдар, муну менен катар кошуна элдердин таасири мындай өзгөчөлүктөрдүн санын арбытты.

***Адабияттар***

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. -Б., 2008
2. Азыркы кыргыз адабий тили. -Б., 2009.
3. Баскаков Н.А.Состав лексики каракалпакского языка и

структура слова // Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков. т. IV. Лексика. -М., 1962.

4. Колесникова А.В. Аффиксальное глаголообразование в алтайском языке (в сопоставлении с древнетюркским языком). Новосибирск: 2004.

5. КТО-Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерки. -Ф., 1965.

6. КТТС-Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. -Ф., 1969.

7. Кудайбергенов С. Кыргыз тилинде этиш жасоочу кээ бир мүчөлөр. -Ф., 1979.

8. ОРС - Н.А.Баскаков, Т.М. Тощакова. Ойротско-русский словарь. -М., 1947.

9. Севортян Э.В. Аффиксы глаголообразования в азербайджанском языке. -М., 1962.

10. Тюркологические исследования. -Ф., 1983.

11. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. -Ф., 1959.

12. ErginM. Turkce dil bilgisi,-Ankara:1994.

13. İmer Ê. Türkiye Türkçesınde kökler. Ankara: 1976

14. Veli Gül Altayca Almıs Kaan Destanı. İstanbul: 2008